Бекитем:
мектептин директору А Сорзыков

№22 жалпы негизги мектебинин окуучуларынын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү жөнүндө жобосу.

1. Жалпы жобо

1 . 1 . Үлгү жобо Кыргыз Республикасынын <<Билим берүү жөнүндө» мыйзамына ылайык мектебинин уставынын негизинде иштелип чыгат.

1.2.Жобо окуу жылы ичинде 5-9-класстардын окуучуларынын предметтер боюнча билим сапатын эки жолу аныктоону ирээтке келтирүүчү мектептин локалдык актысы болуп эсептелет.

1.3.Бул жобо — нормативдуу документ, билим сапатын аныктап туруу үчүн аны өткөрүүнүн формасын жана жолун регламенттейт.

1.4.Билим сапатын көзөмөлдөө — билим берүү процессинин зарыл компонентинин бири..

1.5.Окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүргүзүү акыркы билим сапатын жогорулатуу үчүн бут кызыктар тараптарды бириктирген башкаруу системасы. Билимдин сапатын аныктоо үчүн административдик көзөмөл жүргүзүү замандын талабы.

1.6.Билим сапатын көзөмөлдөө системасы мугалим, тарбиячынын, ошондой эле мектептин ишинин сапатын аныктоого багытталат.

1.7.Окуу максаты — билим берүү процессинин бардык катышуучуларына билим сапатын көтөрүүгө пайдаланылган кайтарым байланыш. Билим берүүнүн сапатына, билим берүүнүн системасына мунөздөмө берүү.

1.8.Административдик көзөмөл жүргүзүүчүлөр:

1. Окуу - тарбия иштери боюнча директордун орун басары;
2. Бирикме жетекчилери.

Аткаруучулар — предметтик мугалимдер.

3. Административдик көзөмөл жүргүзүү тартиби.

2.1. Мектепте билим беруу чөйрөлөрүнүн негизинде предметтер боюнча окуу жылы ичинде эки жолу — биринчи жана экинчи жарым жылыкта окуучулардын билим сапатына административдик көзөмөл жүгүзүү пландаштырылат.

2.2. Көзөмөл жүргүзүүгө календарлык-тематикалык планда резерв сааттарын эсептеп саат бөлүп, окуучулардын ишине баалоо ,класстык журналга түшүрү.

2.3. Көзөмөл жүргүзүүнү уюштуруу, талдоо жүргүзүү, жыйынтыгын чыгаруу жоопкерчилиги усулдук бириюле жетекчисине жүктөлөт.

2.4. Мектепте окуу жылынын башында бекитилген окуу-тарбия процессинин жалпы планынына ылайык түзүлгөн график боюнча көзөмөл жүргүзүүнү предметтик мугалимдер милдетгүү.

2.5. Усулдук бирикме жетекчисинин көзөмөлү астында биринчи жана экинчи жарым жылда алынган текшерүү иштери боюнча алардын жыйынтыгы салыштырып, окуучулардын билим сапатын жогорулатуу боюнча сунуштар айтылат.